Кыргыз Республикасынын
Өкмөтүнө караштуу Отун-
энергетикалык комплексти жөнгө
салуу боюнча мамлекеттик
агенттигинин
2021-жылдын 28-январындагы
№ 4 буйругуна
тиркеме

# Ишканаларды (мекемелерди) электр энергиясын ири керектөөчүлөрдүн, электр энергиясын керектөөчү-алып кайра сатуучулардын жана бөлүштүрүүчү ишканалардын (электр энергиясын бөлүштүрүүчү ишканалардын) тизмегине киргизүүнүн ТАРТИБИ

## 1-бап. Терминдер жана аныктамалар

1. Бул Тартипте Кыргыз Республикасынын "Электр энергетикасы жөнүндө" Мыйзамында, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2012-жылдын 22-августундагы № 576 токтому менен бекитилген "Электр энергиясын пайдалануу эрежелеринде" жана Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу ОЭКти жөнгө салуу боюнча мамлекеттик агенттиктин 2020-жылдын 21-июлу № 2 буйругу менен бекитилген "Электр жана жылуулук энергияларына тарифтерди колдонуу боюнча нускамада" каралган терминдер жана аныктамалар колдонулат.

## 2-бап. Жалпы жоболор

2. Бул Тартип электр энергиясын электр энергиясын керектөөчү-алып кайра сатуучулардын жана бөлүштүрүүчү ишканалардын тизмегине киргизүү үчүн электр энергетикасынын тармагындагы ишмердүүлүктүн тиешелүү түрүнө лицензиясы бар юридикалык жана жеке жактарга көрсөтүлгөн талаптарды аныктайт.

3. Мамлекеттик жөнгө салууну жана контролду ишке ашыруу үчүн ОЭКти жөнгө салуу боюнча ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдын директорунун буйругу менен бекитилген электр энергиясын ири керектөөчүлөрдүн, электр энергиясын керектөөчү-алып кайра сатуучулардын жана бөлүштүрүүчү ишканалардын тизмеги (реестри) түзүлөт жана жүргүзүлөт.

4. Ишканаларды (мекемелерди) электр энергиясын ири керектөөчүлөрдүн, электр энергиясын керектөөчү-алып кайра сатуучулардын жана бөлүштүрүүчү ишканалардын тизмегине киргизүү үчүн юридикалык же жеке жактар тарабынан отун-энергетикалык комплексти жөнгө салуу боюнча ыйгарым укуктуу мамлекеттик органга (мындан ары - ОЭК жөнгө салуу боюнча ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган) арыз берилет. Арызга ушул Тартиптин Тиркемесинде көрсөтүлгөн документтер жана маалыматтар тиркелет.

5. Арыз машинкага басылган текстте төмөндөгүлөр көрсөтүлүү менен жазуу жүзүндө берилет:

- арыз берилип жаткан ОЭКти жөнгө салуу боюнча ыйгарым укуктуу органдын аталышы;

- арыз берүүчүнүн аты-жөнү, анын жашаган жери же эгерде арыз берүүчү юридикалык жак болуп эсептелсе анын аталышы жана жайгашкан жери, ошондой эле эгерде арыз өкүл аркылуу берилсе өкүлдүн аталышы жана анын дареги;

- арыз берүүчү өзүнүн өтүнүчүн негиздеген ушул Тартиптин 3, 4 жана 5-баптарында белгиленген талаптарга жооп берген жагдайлар жана ушул жагдайларды тастыктаган ушул Тартиптин тиркемесиндеги көрсөтүлгөн документтер;

- тиешелүү тизмекке өзүн киргизүү тууралуу арыз ээсинин өтүнүчү.

6. Арыз келип түшкөндөн, документтер жана маалыматтар берилгенден кийин ОЭКти жөнгө салуу боюнча ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган тарабынан беш күндүн ичинде арызды кароого кабыл алуу жөнүндө маселе каралат:

1) эгерде арыз ушул Тартиптин 5-пунктунун талаптарына ылайык келбеген учурда, ошондой эле Тиркемеде көрсөтүлгөн документтердин тизмеги толук эмес тиркелсе же документтер тиркелбесе, ОЭКти жөнгө салуу боюнча ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган арызды беш күндүн ичинде кайтарып берет. Арызды кайтаруу аны кайтаруу үчүн негиз болгон жагдай-шарттарды четтеткенден кийин жалпы тартиптеги ушундай эле өтүнүч менен кайрадан кайрылууга тоскоолдук кылбайт;

2) эгерде ушул Тартипте көрсөтүлгөн талаптар сакталуу менен арыз берилген учурда ОЭКти жөнгө салуу боюнча ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган арызды кароого кабыл алат.

3) Арыз кароого кабыл алынгандан кийин ОЭКти жөнгө салуу боюнча ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган бир айдын ичинде электр энергиясын ири керектөөчүлөрдүн, электр энергиясын керектөөчү-алып кайра сатуучулардын жана бөлүштүрүүчү ишканалардын тизмегине арыз берүүчүнүн ишканасын (мекемесин) киргизүүнүн ылайыктуулугун же ылайык эместигин талдап чыгуу үчүн материалдарды карайт.

4) Материалдарды карап чыгуунун жыйынтыгы боюнча ОЭКти жөнгө салуу боюнча ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган төмөндөгү чечимдердин бирин кабыл алат:

1) электр энергиясын ири керектөөчүлөрдүн, электр энергиясын керектөөчү-алып кайра сатуучулардын жана бөлүштүрүүчү ишканалардын тизмегине арыз берүүчүнүн ишканасы (мекемеси) ылайык келген учурда ОЭКти жөнгө салуу боюнча ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган арыз берүүчүнүн ишканасын (мекемесин) тиешелүү тизмекке киргизүү жөнүндө чечим (буйрук) кабыл алат;

2) электр энергиясын ири керектөөчүлөрдүн, электр энергиясын керектөөчү-алып кайра сатуучулардын жана бөлүштүрүүчү ишканалардын тизмегине арыз берүүчүнүн ишканасы (мекемеси) ылайык келбеген учурда ОЭКти жөнгө салуу боюнча ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган арыз берүүчүнүн ишканасын (мекемесин) тиешелүү тизмекке киргизүүдөн баш тартуу жөнүндө чечим кабыл алат.

6. ОЭКти жөнгө салуу боюнча ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдын чечимдерине даттануу Кыргыз Республикасынын "Административдик ишмердүүлүктүн жана административдик жол-жоболордун негиздери жөнүндө" Мыйзамына жана Кыргыз Республикасынын Административдик-процесстик кодексине ылайык жүргүзүлөт.

## 3-бап. Электр энергиясын ири керектөөчүлөрдүн тизмегине ишканаларды (мекемелерди) киргизүү үчүн талаптар

7. Ишканаларды (мекемелерди) электр энергиясын ири керектөөчүлөрдүн (мындан ары - ИК) тизмегине киргизүү үчүн ишмердүүлүктүн тиешелүү түрүнө лицензия алуу талап кылынбайт.

8. ИК үчүн электр энергиясын сатып алууга тарифтер электр энергиясын акыркы керектөөчүлөрдүн тиешелүү тобтору үчүн ОЭКти жөнгө салуу боюнча ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган тарабынан белгиленген тарифтердин өлчөмүндө белгиленет.

## 4-бап. Электр энергиясын керектөөчү-алып кайра сатуучулардын тизмегине ишканаларды (мекемелерди) киргизүү үчүн талаптар

9. Юридикалык же жеке жактарды электр энергиясын керектөөчү-алып кайра сатуучулардын (мындан ары - КАКС) тизмегине киргизүү үчүн төмөндөгүлөр бар болуусу керек:

- ОЭКти жөнгө салуу боюнча ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдан ишмердүүлүктүн түрүнө алынган лицензиялар;

- менчиктеги электр тармактары;

- КАКС макамындагы ишмердүүлүктү ишке ашырууга ниеттенген ишканага (мекемеге) берилген электр энергиясын жеткирип берүүгө келишим түзүлгөн электр менен жабдуучу мекемеден туташтырууга техникалык шарттар.

10. Электр энергиясын сатып алууга жана берүүгө тарифтерди электр энергиясын керектөөчү-алып кайра сатуучулар үчүн белгилөөдө алардын балансында турган жана абоненттерге ижарага берилген кыймылсыз мүлктөрдүн объекттерин электр менен жабдуу боюнча сарптоолор эске алынбайт жана орду толукталбайт (компенсацияланбайт).

## 5-бап. Бөлүштүрүүчү ишканалардын (электр энергиясын бөлүштүрүүчү ишканалардын) тизмегине ишканаларды (мекемелерди) киргизүү үчүн талаптар

11. Юридикалык же жеке жактарды бөлүштүрүүчү ишканалардын (мындан ары - БИ) тизмегине киргизүү үчүн төмөндөгүлөр бар болуусу керек:

- ОЭКти жөнгө салуу боюнча ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдан ишмердүүлүктүн түрүнө алынган лицензиялар;

- менчиктеги электр тармактары;

- БИ макамындагы ишмердүүлүктү ишке ашырууга ниеттенген ишканага (мекемеге) берилген электр энергиясын жеткирип берүүгө келишим түзүлгөн электр менен жабдуучу мекемеден туташтырууга техникалык шарттар.

- электр энергиясын пайдалуу берүүнүн жалпы көлөмүнүн өлчөмүнөн 60 пайыздан кем эмес электр энергиясын керектөө менен "калк" керектөөчүлөрдүн тобуна тиешелүү болгон тиричиликтик абоненттер.

12. Электр энергиясын сатып алууга жана берүүгө тарифтерди бөлүштүрүүчү ишканалар үчүн белгилөөдө абоненттер тарабынан башкарууга же бөлүштүрүүчү ишканаларга ижарага берилген электр тармактарын кармап турууга жана тейлөөгө сарптоолор эске алынбайт жана орду толукталбайт (компенсацияланбайт).

13. Отчеттук мезгилдин жыйынтыктары боюнча белгиленген электр энергиясын пайдалуу берүүнүн жалпы көлөмүнүн өлчөмүнөн 60 пайыздан аз "калк" керектөөчүлөрдүн тобуна тиешелүү болгон тиричиликтик абоненттерге электр энергиясын пайдалуу берүүнүн көлөмүнөн өз ишмердүүлүгүнүн процессинде бөлүштүрүүчү ишканаларга өзгөрткөн учурда бул бөлүштүрүүчү ишкана тиешелүү тизмектен чыгарылып салынат.

## Корутунду жобо

14. Электр энергиясын ири керектөөчүлөрдүн, электр энергиясын керектөөчү-алып кайра сатуучулардын жана бөлүштүрүүчү ишканалардын тизмегине кирген ишканалар (мекемелер) үчүн тарифтер Кыргыз Республикасынын "Кыргыз Республикасындагы табигый монополиялар жөнүндө", "Электр энергетикасы жөнүндө" мыйзамдарына, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2013-жылдын 18-февралындагы № 83 токтому менен бекитилген "Мамлекеттик жөнгө салуучу чарбакер субъекттердин товарларына (жумуштарына, кызмат көрсөтүүлөрүнө) бааларды (тарифтерди) аныктоонун тартиби жөнүндө жобого жана Мамагенттиктин 2016-жылдын 24-ноябрындагы № 4 буйругу менен бекитилген электр энергиясынын өздүк наркын аныктоо жана тарифтерди түзүү методикасына ылайык белгиленет.

15. "Электр станциялары" ААК менен түз келишим (контракт) бузулган учурда электр энергиясын ири керектөөчү тиешелүү тизмектен чыгарылат.

16. Эгерде бөлүштүрүүчү ишкана 1 календардык жыл (отчеттук мезгил) ичинде өз ишмердүүлүгүн ишке ашырбаган учурда, ал бөлүштүрүүчү ишканалардын (электр энергиясын бөлүштүрүүчү ишканалардын) тизмегинен чыгарылат.

17. Электр энергиясын ири керектөөчүлөрдүн негизги ишмердүүлүгүн токтотуунун натыйжасында электр энергиясын керектөөнү толук токтотуу жана керектөөчү-алып кайра сатуучуларга электр энергиясын керектөөнү толук токтотуу аларды тиешелүү тизмектерден чыгаруу үчүн негиз болуп эсептелет.

18. Электр энергиясын ири керектөөчүлөрдү, электр энергиясын керектөөчү-алып кайра сатуучуларды жана бөлүштүрүүчү ишканаларды тизмектен чыгаруу аны чыгарып салуу үчүн негиз болгон жагдай-шарттар калыбына келтирилгенден кийин жалпы тартиптеги тиешелүү тизмектерге аны киргизүү жөнүндө арыз менен кайрадан кайрылууга тоскоолдук жаратпайт.

Электр энергиясын ири
керектөөчүлөрдүн, электр
энергиясын керектөөчү-алып
кайра сатуучулардын жана
бөлүштүрүүчү ишканалардын
(электр энергиясын
бөлүштүрүүчү ишканалардын)
тизмегине ишканаларды
(мекемелерди) киргизүүнүн
тартибине
тиркеме

## Электр энергиясын ири керектөөчүлөрдүн, электр энергиясын керектөөчү-алып кайра сатуучулардын жана бөлүштүрүүчү ишканалардын (электр энергиясын бөлүштүрүүчү ишканалардын) тизмегине киргизүүгө ишканалардын (мекемелердин) арыздарын кароо үчүн керектүү документтердин ТИЗМЕГИ

1) ишмердүүлүктүн лицензияланган түрлөрүн ишке ашыруу үчүн зарыл болгон ишкананын (мекеменин) менчигиндеги электр тармактарынын бар экендиги жөнүндө документтер менен тастыкталган расмий маалымат (билдирүү);

2) электр энергиясын сатууга ишкана (мекеме) менен түз келишим түзүүгө "Электр станциялары" ААКтын расмий көз карашы (позициясы) (маселенин маңызы боюнча ушул энергетикалык компаниядан жазуу жүзүндөгү жооп);

3) электр энергиясын берүү боюнча кызмат көрсөтүүгө ишкана (мекеме) менен түз келишим түзүүгө "Кыргызстандын улуттук электр тармагы" ААКтын расмий көз карашы (позициясы) (маселенин маңызы боюнча ушул энергетикалык компаниядан жазуу жүзүндөгү жооп);

4) эгерде мурда ушундай түзүлсө, ишкана (мекеме) менен электр менен жабдууга келишимди бузуу маселеси боюнча электр менен жабдуучу мекемелердин (бөлүштүрүүчү энергетикалык компаниялардын) расмий көз карашы (позициясы);

5) чубалгылардын өткөрүү мүмкүнчүлүктөрүн жана көмөкчү чордондордун кубаттуулугун көрсөтүү менен "Кыргызстандын улуттук электр тармактары" ААК ("Электр станциялары" ААК) тарабынан тастыкталган жогорку вольттуу тармактарга туташтыруунун принципиалдуу схемасы;

6) электр менен жабдуучу мекемелер (бөлүштүрүүчү энергетикалык компаниялар) менен тараптардын эксплуатациялык жоопкерчилигинин жана электр тармактарынын баланстык тиешелүүлүгүнүн тилкелеринин (бөлүмдүн тилкелеринин) актылары жана электр менен жабдууга учурда болгон контракт;

7) электр энергиясын жеткирүүгө келишим түзүлө турган электр менен жабдуучу мекеме тарабынан берилген туташтырууга техникалык шарттар;

8) мурунку (кезектеги) жыл үчүн ишкана (мекеме) тарабынан электр энергиясын керектөөнүн көлөмү жана келечектеги жылга пландаштырылган керектөө, эгерде кайрадан түзүлгөн болсо, анда "Кыргызстандын улуттук электр тармактары" ААКтын тармактарынан (бөлүштүрүүчү энергетикалык компаниялардан) алдыдагы календардык жылга пландаштырылган керектөө;

9) мурдагы (кезектеги) жыл үчүн керектелген электр энергиясы үчүн белгиленген (уруксат берилген) кубаттуулук жана төлөө жөнүндө маалымат, келечектеги жылга пландаштырылган керектөө, кайрадан түзүлгөн ишканалар үчүн алдыдагы календардык жылга пландаштырылган көрсөткүчтөр;

10) электр менен жабдуучу мекеме (бөлүштүрүүчү энергетикалык компания) тарабынан азыркы учурга тастыкталган электр энергиясы үчүн дебитордук жана кредитордук карыздары жөнүндө маалымат;

11) субкеректөөчүлөр жөнүндө маалымат: аталышы, керектөөчүлөрдүн тобу, абоненттин өндүрүштүк профили, керектелген электр энергиясынын жылдык көлөмү.